# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2000-жылдын 21-январы № 36

## Дене тарбия жана спорт жөнүндө

*(КР 2011-жылдын 18-ноябрындагы № 219, 2012-жылдын 25-июлундагы № 133, 2012-жылдын 25-июлундагы № 134, 2013-жылдын 15-январындагы № 4, 2013-жылдын 1-июнундагы № 87, 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23, 2020-жылдын 18-июлундагы № 82, 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 55, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спорт адамдарды дене тарбиясы жактан талаптагыдай өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруунун, ар бир адамга таандык болгон тубаса сапаттарды жана аны менен байланышкан мүмкүнчүлүктөрдү ар тараптан өркүндөтүүнүн негизинде Кыргызстандын элинин саламаттыгын сактоого багытталган. Дене тарбия жана спорт инсандын коомдук жактан активдүүлүгү менен мүнөздөлгөн руханий жана адептик сапаттарын тарбиялоо, ар бир адамды эмгектенүүгө, коргоого жана коомдук иштердин башка түрлөрүнө тийиштүү даражада даярдоону камсыз кылуу менен ажыралгыс тыгыз биримдикте болот.

Ушул Мыйзам спортсмендерди дене тарбия жагынан даярдоо системасын уюштуруунун, иштетүүнүн жана башкаруунун негизги принциптерин белгилейт жана аларды жүзөгө ашыруунун укуктук базасы катары кызмат кылат.

### I Глава
### Жалпы жоболор

**1-статья. Дене тарбия жана спорт жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын максаттары**

Дене тарбия жана спорт жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары адамды ар тараптан өнүктүрүүгө, жашоонун жакшы үлгүлөрүн өздөштүрүүгө, дене тарбиясы жана адептүүлүк жагынан өсүп - өркүндөө зарылчылыгын калыптандырууга, дене тарбия менен спорттун ар кандай түрлөрү менен машыгуу үчүн шарт түзүүгө, кесиптик - прикладдык даярдоону уюштурууга жана ар кандай оорулардын, зыяндуу адаттардын жана укук бузуулардын алдын алууну тийиштүү деңгээлде камсыз кылууга, тыюу салынган субстанцияларды жана ыкмаларды колдонууну болтурбоого, патриотизмге тарбиялоого, элдердин ортосундагы достукту өнүктүрүүгө жана чыңдоого багытталган.

*(КР 2020-жылдын 18-июлундагы № 82 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Дене тарбиясын жана спортту уюштуруунун жана башкаруунун негизги принциптери**

Дене тарбиясын жана спортту уюштуруунун жана башкаруунун негизги принциптерине төмөндөгүлөр кирет:

инсанды ар тараптан шайкеш өнүктүрүү;

дене тарбиясынын эмгек жана коргоо практикасы менен байланышы;

дене тарбия жана спорт менен машыгуунун ден соолукту чыңдоого багытталышы;

дене тарбия жана спорт менен машыгууга жарандардын тең укугу;

мамлекеттик дене тарбия жана спорт окуу жайларында мамлекеттик билим берүү программаларында белгиленген чектерде акысыз дене тарбиясына, кесиптик - прикладдык даярдыктан өтүүгө жарандардын укуктарын кепилдикке алуу;

дене тарбия жана спорт менен машыгууга кеңири мүмкүнчүлүк;

дене тарбия жана спорт менен машыгуу системасындагы демократизм;

дене тарбия жана спорттун коомдогу саясий жана идеологиялык институттарга көз карандысыздыгы;

ушул Мыйзамдын талаптарына жооп берген бардык дене тарбия жана спорт уюмдарынын өз алдынчалуулугун жана көп түрдүүлүгүн таануу.

**3-статья. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөндөгүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

**Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндары** - Азиянын олимпиадалык кеңешинин калкасы астында Азиянын бардык өлкөлөрүнүн атлеттеринин арасында, ошондой эле таяныч-кыймылдоо аппаратында жана көрүү органдарында жабыркоосу бар майып спортчулардын арасында ар бир 4 жылда өткөрүлүүчү спорттук мелдештер;

**спортто тыюу салынган субстанциялар жана (же) ыкмалар (мындан ары - допинг)** - Допингге каршы дүйнөлүк агенттиктин эл аралык стандартынын тыюу салынган тизмесине киргизилген химиялык кошулмалар (заттар, дарылар) жана ыкмалар, анын ичинде спортто пайдалануу үчүн тыюу салынган субстанциялардын жана (же) ыкмалардын тизмегине киргизилген субстанцияларды жана (же) ыкмаларды пайдалануу же пайдаланууга аракет жасоо;

**дене тарбиясынын ченемдик негиздери** - Кыргыз Республикасынын калкын жаш курагына жараша ыраттуу түрдө камтуучу дене тарбиялык даярдыгын баалоонун (ченемдеринин) критерийлеринин топтому;

**олимпиадалык кыймыл** - адамдын дене тарбиясы жана рухий жагынан өркүндөп өсүү каражаттарынын бири катары спортту өнүктүрүүгө, эл аралык спорттук кызматташтыкты чыңдоого багытталган эл аралык коомдук кыймыл.

**паралимпиядалык кыймыл** - эл аралык олимпиадалык кыймылдын уюмдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды өз

катарына бириктирген бир бөлүгү, адамды дене бою жана руханий жактан өркүндөтүүгө, эл аралык кызматташтыкты чыңдоого жана майыптарды спорт менен машыгууга тартууга, жашоонун сергек түрүнө умтулууга жетишүү каражаттарынын бири катары спортту өнүктүрүү бул кыймылдын максаты болуп саналат.

**олимпиадалык жана паралимпиадалык оюндар** - Эл аралык олимпиадалык жана паралимпиадалык комитеттин калкасы астында 4 жылда бир өткөрүлүүчү эл аралык комплекстүү спорттук мелдештер;

**спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттар** - атлеттер арасында 4 жылда бир же жылына 1 жолудан көп эмес өткөрүлүүчү ири эл аралык ' мелдештер;

**калкты дене тарбия жагынан өркүндөтүү жана спортсмендерди даярдоо системасы** - максаты калкка дене тарбиясын берүү жана өлкөдө спортту өнүктүрүү болуп саналган иш-аракеттердин мамлекеттик жана коомдук формаларынын жыйындысы.

**спорт** - дене тарбиясынын коомдогу компонентгеринин биринин жалпыланган түшүнүгү, ал адамды мелдешке катыштыруунун жана мелдешке даярдоонун атайын практикасы жана формасы катары тарыхый жактан калыптанган, бул ошондой эле мелдеш процессинде пайда болгон өзгөчөлүгү бар мамилелерди, нормаларды жана жетишкендиктерди билдирет.

**жогорку жетишкендиктердин спорту** - адамдын түпкү мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүнү, жогорку спорттук көрсөткүчтөргө жетишүүнү, рекорд коюуну камсыз кылуучу чөйрө.

**спорттук мелдеш** - спорттук жетишкендиктерди көрсөтүүнүн, салыштыруунун жана баа берүүнүн ыкмасы.

**спортсмен** - спорттун өзү тандап алган түрү менен үзгүлтүксүз машыккан жана белгиленген эрежелерге ылайык спорттук мелдештерге катышкан, бирдиктүү спорттук классификацияга ылайык спорттук разряды же спорттук наамы бар адам.

**дене тарбия** - маданияттын ажыралгыс бөлүгү, социалдык иш - аракеттин бир тармагы, адамдын дене тарбиясын өнүктүрүү жана ден соолугун чыңдоо максатында коом түзүүчү, өнүктүрүүчү жана пайдалануучу руханий жана материалдык дөөлөттөрдүн жыйындысы болуп саналат.

**дене тарбия жагынан өркүндөө** - дени сак, дене тарбиясы жана рухий жагынан өркүндөгөн, моралдык жактан туруктуу келген жаш муундарды калыптандырууга багытталган, уюшкан педагогикалык процесс, ден соолукту чыңдоо, иштөө жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, чыгармачылык узун өмүр жана адамдын өмүрүн узартуу.

**дене тарбия-спорт уюмдары** - уюштуруу жагынан укуктук формаларына жана менчигинин формаларына карабастан дене тарбиясы жана спорт жагынан кызмат көрсөтүү ишинин негизги түрү болуп саналган коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар;

**курама команданын башкы машыктыруучусу** - жогорку профилдик билими бар жана Олимпиада жана Паралимпиада оюндарында, Азия жана Азиянын

паралимпиадалык оюндарында, спорттун түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттарда жана башка эл аралык мелдештерде спорттун түрү боюнча курама команданы жетектөөгө, түзүүгө, даярдоого жана чыгарууга жооптуу, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипте дайындалуучу адам;

**курама команданын улук машыктыруучусу** - жогорку профилдик билими бар жана спортчуларды Олимпиада жана Паралимпиада оюндарына, Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндарына, спорттун түрлөрү боюнча дүйнөлүк чемпионаттарга жана башка эл аралык мелдештерге чыгуу үчүн белгилүү бир спорттун түрү боюнча кесиптик даярдоону, окутууну, спорттук машыктыруу процессинин дене тарбиялык, теориялык, моралдык-эрктик, техникалык жактан өркүндөтүүнү камсыз кылуу үчүн жооптуу, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипте дайындалуучу адам;

**жеке машыктыруучу** - спорттук кесиптик билими бар, чемпионду же байге ээсин даярдоочу окуу-машыктыруу процессин жүргүзүүчү жана спорттук натыйжаларга жетишүүсү үчүн анын мелдештик иш-аракеттерине жетекчилик кылуучу адам;

**биринчи машыктыруучу** - чемпион наамын жеңип алган же байге ээси болгон спортчунун жаш кезинде функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү жолу менен, баштапкы окутууга жана чеберчилигин өркүндөтүүгө катышуучу, спорттун белгилүү бир түрүндө адистешкен адам.

*(КР 2011-жылдын 18-ноябрындагы № 219, 2013-жылдын 1-июнундагы № 87, 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2020-жылдын 18-июлундагы № 82, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-статья. Дене тарбиясынын ченемдик негиздери**

Дене тарбиясынын ченемдик негиздери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Дене тарбиясынын ченемдик негиздери спорттук разряддарды жана наамдарды ыйгаруу принциптерин, эрежелерин жана тартибин белгилөөчү Бирдиктүү спорттук классификация менен тыгыз айкалышта пайдаланылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-статья. Дене тарбиясынын жана спорттун программалык негизи**

Кыргыз Республикасында төмөндөгүдөй мамлекеттик программалар бар:

мектепке чейинки мекемелердеги балдарды, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларын, башталгыч, орто жана кесиптик жогорку окуу жайлардын окуучуларын жана студенттерин дене тарбия жагынан тарбиялоо;

дене тарбия жана спорт жагынан кесиптик жогорку окуу жайлардын студенттерин кесиптик - прикладдык өнөргө даярдоо;

аскер кызматчыларын жана укук коргоо органдарынын өздүк составын, аскерге чакырылганга чейинки курактагы жаштарды аскердик - прикладдык өнөргө дене тарбия жагынан даярдоо;

ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды дене тарбиясы жагынан тарбиялоо;

дене тарбия - спорттук секциялардын, ийримдердин, клубдардын, балдардын - өспүрүмдөрдүн спорттук жана балдардын - өспүрүмдөрдүн спорттук - техникалык мектептеринин, олимпиадалык резервдеги окуу жайлардын жана курама командаларды олимпиадалык даярдоо борборлорунун жана дене тарбиясы менен спорттун адистештирилген мекемелери менен уюмдарынын багыты боюнча ар түрдүү квалификациядагы спортсмендерди даярдоо.

*(КР 2011-жылдын 18-ноябрындагы № 219 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**6-статья. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин дене тарбия жана спорт жагындагы ыйгарым укуктары**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- дене тарбия жана спорт жагындагы мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү камсыз кылат;

- маалыматтык камсыз кылуунун бирдиктүү мамлекеттик тутумун түзүүнү камсыз кылат;

- спорттун түрлөрүнүн жана спорттук дисциплиналардын Улуттук реестрин жүргүзүү тартибин аныктайт;

- дене тарбия жана спортту, дене тарбия жана спорт жагындагы илимий изилдөөлөрдү, дене тарбия жана спортсмендерди даярдоо тутумун илимий-методикалык жактан камсыз кылууну, кесиптик даярдоону, дене тарбия жана спорт жагындагы адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча иш-чараларды каржылоонун мамлекеттик ченемдерин аныктайт;

- эл аралык спорттук мелдештерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгуучу жогорку квалификациялуу спортсмендерди даярдоо жана уюштуруу маселелери боюнча дене тарбия-ден соолукту чыңдоо жана спорт багытындагы расмий коомдук бирикмелердин ишин координациялоону жана контролдоону жүзөгө ашырат;

- дене тарбия жана спорт жаатында жогорку спорттук натыйжаларга жетишкендиги үчүн бир жолку акчалай сыйлык түрүндөгү мамлекеттик төлөмдөрдүн өлчөмдөрүн аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын спортсмендерине стипендияларды төлөө тартибин аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелерин иштеп чыгат жана бекитет;

- спортто допингге каршы иш-чараларды жүргүзүүнү контролдоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктайт;

- спорттун түрлөрү боюнча республикалык федерацияларды юстиция органдарында каттоо (кайра каттоо) жана реестрин жүргүзүү үчүн макулдук берүүнүн тартибин аныктайт.

Бир жолку акчалай сый акыларды төлөө өлчөмү Олимпиада, Паралимпиада, Азия жана Азиянын паралимпиадалык оюндарына, дүйнөнүн жана Азиянын

чемпионаттарына спортчулардын катышуусу башталганга чейин 1 жыл мурун аныкталат. Мында, чемпиондор жана байге ээлери үчүн сый акылардын суммалары, ошондой эле машыктыруучулар (курама команданын башкы машыктыруучусу, курама команданын улук машыктыруучусу, жеке машыктыруучу, биринчи машыктыруучу) жана врачтар үчүн бөлүштүрүлүүчү сый акылардын суммалары жана аларды бөлүштүрүү пайыздары буга чейин төлөнүп берилген бир жолку акчалай сый акылардын суммасынан кем эмес белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик укуктук актылары аркылуу башка орундар үчүн бир жолку акчалай сый акылардын мамлекеттик төлөмдөрүн белгилөөгө укуктуу.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23, 2020-жылдын 18-июлундагы № 82, 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 55, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-ноябрындагы N 554 "Кыргыз Республикасынын алдыңкы спортчуларына берилүүчү стипендиялар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому*

**7-статья. Кыргыз Республикасынын аймагында дене тарбия жана спортту өнүктүрүү**

Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктеринде дене тарбия жана спортту өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт жана чаралар көрүлөт.

Дене тарбия жана спортту өнүктүрүү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Административдик-аймактык бирдиктердин жаратылыштык-климаттык шарттарын, калкынын санын, инфратүзүмүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан дене тарбия жана спортту өнүктүрүү программалары иштелип чыгат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-статья. Дене тарбия жана спортту башкаруучу коомдук органдар**

Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спорт жагынан мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү максатында ушул Мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыларда, ошондой эле уставдарда, хартияларда жана башка документтерде аныкталган тартипти жана шартта иштеген, республиканын дене тарбия - спорттук уюмдары мүчөлөрү болуп саналган тийиштүү эл аралык спорттук бирикмелердин ишин жөнгө салган, дене тарбия - ден соолукту чыңдоо жана спорттук багытта иштеген коомдук бирикмелердин тармагы түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук олимпиадалык комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук паралимпиадалык комитети жана спорттун түрлөрү боюнча республикалык федерациялар дене тарбия - ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы официалдуу коммдук бирикмелер болуп саналат. Дене тарбия - спорттук коомдор, кесиптик лигалар, клубдар комиссиялар жана дене тарбиясы

менен спортту өнүктүрүүнү өз максаты кылган граждандардын башка бирикмелери дене тарбиясы жана спорт жагынан мамлекеттик саясаттын талаптарына карама-каршы келбеген чекте "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштейт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынын Улуттук олимпиадалык комитети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук паралимпиадалык комитети жогорку квалификациялуу спортсмендерди даярдоо жана уюштуруу маселелери боюнча дене тарбия - ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы официалдуу коомдук бирикмелердин ишин финансылаган, координациялаган жана эл аралык спорттук мелдештерде Кыргыз Республикасынын атынан чыккан орган болуп саналат.

Дене тарбия жана спорт жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен дене тарбия - ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы официалдуу коомдук бирикмелердин ортосундагы өз ара мамилелер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте түзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 1-июнундагы №87, 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23, 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 55, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**9-статья. Кыргыз Республикасындагы олимпиадалык кыймыл**

Кыргыз Республикасындагы олимпиадалык кыймыл эл аралык олимпиадалык кыймылдын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат жана төмөндөгүлөрдү өзүнө максат кылат:

- олимпиадалык идеалдарды, гуманистик дөөлөттөрдү жана олимпизм принциптерин жайылтуу, жаш муундарды өз ара түшүнүшүү жана достук духунда тарбиялоо;

- эл аралык олимпиадалык кыймылдын программаларына жана иш - чараларына катышуу.

Өлкөдөгү олимпиадалык кыймыл Кыргыз Республикасынын Улуттук олимпиадалык комитети - өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына Олимпиадалык хартияга, Эл аралык олимпиадалык комитетке жана өзүнүн уставына ылайык жүзөгө ашыруучу дене тарбия - спорттук коомдук бирикме тарабынан координацияланат жана багыт берилет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук олимпиадалык комитети Олимпиадалык оюндарды кошкондо Эл аралык олимпиадалык комитет жүргүзүүчү бардык иш - чараларда Кыргыз Республикасынын расмий өкүлү болуп саналат.

**10-статья. Кыргыз Республикасынын курама командалары**

Кыргыз Республикасынын курама командалары Олимпиадалык жана Паралимпиядалык оюндарга жана башка эл аралык спорттук мелдештерге даярдык көрүү жана катышуу максатында түзүлүүчү спортсмендерден, машыктыруучулардан, дене тарбия жана спорттук уюмдардын жана спорттук медицина уюмдарынын кызматкерлеринен, расмий коомдук бирикмелердин өкүлдөрүнөн туруучу коллективдерди билдирет.

Курама команданын курамы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте түзүлөт.

Олимпиадалык оюндарга жана башка эл аралык спорттук мелдештерге Кыргыз Республикасынын курама командаларынын катышуусу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желегинин астында ишке ашырылат.

Мамлекет Кыргыз Республикасынын курама командаларын даярдоону жана алардын республикалык жана эл аралык спорттук мелдештерге катышуусун камсыз кылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-статья. Кыргыз Республикасындагы Паралимпиадалык кыймыл**

*(КР 2018-жылдын 16-февралындагы № 23 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

## II Глава
## Калктын дене тарбиясын өркүндөтүү жана спортсмендерди даярдоо системасы

**12-статья. Калктын дене тарбиясынын жана спортсмендерди даярдоонун мамлекеттик программалары**

Калктын дене тарбиясынын жана спортсмендерди даярдоонун мамлекеттик программалары дене тарбиясынын ченемдик негиздеринин жана Бирдиктүү спорттук классификациянын негизинде иштелип чыгат.

Калктын дене тарбиясынын жана спортсмендерди даярдоонун мамлекеттик программалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте иштелип чыгат жана бекитилет.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-статья. Мектепке чейинки мекемелердеги балдардын, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик окуу жайлардын окуучуларынын жана студенттеринин дене тарбиясы**

Мектепке чейинки мекемелердеги балдардын, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик окуу жайлардын окуучуларынын жана студенттеринин саламаттыгын сактоо жана чыңдоо, алардын дене тарбиясы жагынан өркүндөөгө жана жакшы жашоо үлгүсүнө умтулуусун калыптандыруу бардык типтеги билим берүүчү жана мектепке чейинки мекемелердин негизги милдеттеринин бири болуп саналат, көрсөтүлгөн мекемелердин администрацияларынын жана ар бир педагогикалык кызматкердин милдетине жатат.

Билим берүүчү мекемелер өз алдынча жергиликтүү шарттарды жана билим алып жаткандардын кызыкчылыктарын эске алуу менен дене тарбиясы менен машыгуунун формаларын жана дене тарбиясын берүү каражаттарын, спорттун түрлөрүн жана кыймылдоо активдүүлүгүн, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана Дене тарбия - спорт комплексинин нормативдеринин негизинде методдорун жана сабактардын узактыгын аныктайт, ошондой эле балдарга кошумча билим берүүчү мекемелерди жана дене тарбия - спорттук коомдук бирикмелерди, анын ичинде спорттун ар кандай түрлөрү боюнча

федерацияларды тартуу менен илимий жактан негизделген оптималдуу кыймылдоо режиминин көлөмүндө окуудан тышкаркы дене тарбия - ден соолукту чыңдоо спорттук, жана аскердик - спорттук иштерди жүргүзөт.

Мектепке чейинки мекемелер жана билим берүүчү мекемелер жыл сайын мамлекеттик такталган нормативдерге ылайык окуп жаткандардын жана мектепке чейинки курактагы балдардын дене тарбиясы жагынан даярдыгын жыл сайын тесттен өткөрүп турат.

Кесиптик жогорку окуу жайлардын студенттерин дене тарбиясына жана спортко кесиптик - прикладдык даярдоо мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык ишке ашырылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**14-статья. Мектептен тышкаркы жана окуудан тышкаркы дене тарбия-спорттук уюмдар, дене тарбия жана спорт мекемелери**

Балдарды жана жаштарды дене тарбия жана спорт менен машыгууга үзгүлтүксүз тартуу алардын спорттук жактан өркүндөөсү үчүн шарт түзүп берүү дене тарбия - ден соолукту чыңдоо, спорттук багыттагы мамлекеттик жана жеке менчик уюмдардын системасында иштеген спорттук клубдарда, мектептен тышкаркы дене тарбия - ден соолукту чыңдоочу жана спортгук мекмелерде, дене тарбия жана спорт мекемелеринде жүзөгө ашырылат.

Мектептен тышкаркы жана окуудан тышкаркы дене тарбия - спорттук уюмдардын, дене тарбия жана спорт мекемелеринин ишин координациялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**15-статья. Ишканалардагы мекемелердеги жана уюмдардагы дене тарбиясы жана спорт**

Ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы менчигинин формасына карабастан кесиптик союздар менен биргелешип кызматкерлерге жумуш күнүнүн режиминде реабилитациялык жана кесиптик - прикладдык машыгууларды, иштен кийинки калыбына келтирүүнү, профилактикалык машыгууларды, спорттук - массалык иштерди, спорттук - саламаттыкты чыңдоочу туризмди кошкондо, дене тарбиясы жана спорт менен машыгууга өздөрүнүн укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн кызматкерлерге шарт түзүп берүүгө милдеттүү.

Дене тарбия жана спорт менен машыгуучу материалдык база түзүү жана пайдалануу, кызматкерлерди жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жекече жана коллективдүү машыктырууну каржылоо жана адистер менен камсыз кылуу тартиби коллективдик жана эмгек келишимдери (контракттары) менен аныкталат.

**16-статья. Жашаган жери жана массалык эс алган жерлер боюнча дене тарбиясы жана спорт**

Жашаган жери жана массалык эс алган жерлер боюнча калктын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн шарттарды түзүү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**17-статья. Санаториялык-курорттук мекемелердеги, эс алуу үйлөрүндөгү, туристтик базалардагы дене-тарбия ден соолукту чыңдоо иштери**

Санаториялык - курорттук мекемелердин, эс алуу үйлөрүнүн жана туристтик базалардын администрациясы жарандардын саламаттыгын чыңдоо, оорунун алдын алуу жана дарылоо максатында дене тарбиясынын ар түрдүү компоненттерин, анын ичинде дарылоо компоненттерин алардын дарылануу жана эс алуу процессинде пайдалануу үчүн шарт түзүп берүүгө милдеттүү.

**18-статья. Аскер кызматчыларын жана укук коргоо органдарынын өздүк курамын дене тарбия жагынан даярдоо**

Аскер кызматчыларын жана укук коргоо органдарынын өздүк курамын дене тарбия жагынан даярдоо алар тарабынан аскердик милдетин жана негизги кызматтык милдеттерин аткаруусун камсыз кылууга тийиш.

Аскер кызматчылары жана укук коргоо органдарынын өздүк курамы спорттун аскердик - прикладдык түрлөрү менен машыгууларды өткөрүүсү үчүн командирлер жана тийиштүү органдардын жетекчилиги зарыл шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү.

**19-статья. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын арасындагы дене тарбия жана спорт**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын арасындагы дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүү алардын кыймылдоо активдүүлүгүн жогорулатууга багытталган жана аларды ар тараптан реабилитациялоонун жана социалдык жактан адаптациялоонун бирден бир жана аныктоочу шарты болуп саналат.

Өнүгүшү жагынан кемчили бар, сабак өтүүнүн билим берүү программасына киргизилген окуучулар менен өтүлүүчү сабактар зарыл болгон атайын медициналык топторду түзүү менен сунуш кылынган жекече реабилитациялоо программасынын чегинде жүргүзүлөт.

Майыптарды (дене тарбия жагынан өнүгүшү өксүгөн балдарды кошкондо) реабилитациялоо системасында дене тарбиясы жана спорт менен машыгууну уюштуруу, адистерди кесиптик даярдоо, методикалык жана медициналык камсыз кылуу жана врачтык контроль билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык жактан коргоо мекемелери жана дене тарбия жана спорт уюмдары тарабынан ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишканалар, мекемелер жана уюмдар менен биргелешип ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жашаган жери боюнча, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын адистештирилген мекемелеринде жана уюмдарында спорттук-ден соолукту чыңдоо ишинин программаларын иштеп чыгышат жана ишке ашырышат.

Мамлекет ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте дене тарбиясы жана спорт менен машыгуу үчүн шарттарды камсыз кылат.

*(КР 2011-жылдын 18-ноябрындагы № 219, 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**20-статья. Дене тарбия жана спорт менен машыккан адамдарды медициналык жактан камсыз кылуу**

Дене тарбия жана спорт оорулардын алдын алуу жана дарылоо каражаты катары пайдаланылат.

Дене тарбия жана спорт, анын ичинде спорттук-ден соолукту чыңдоочу туризм менен машыккан адамдар врачтык контролдоого жатат.

Дене тарбия жана спорт каражаттарынын жардамы менен калктын ден соолугун чыңдоо жана реабилитациялоо үчүн Кыргыз Республикасында атайын аппаратура жана медициналык шаймандар менен жабдылган, калкты дене тарбия-ден соолукту чыңдоо иши менен камсыз кылуучу диагностикалык-консультациялык пункттар жана кабинеттер, врачтык-дене тарбия диспансерлери түзүлөт.

Спорттун ар түрдүү түрлөрү боюнча Кыргыз Республикасынын курама командалары эл аралык спорттук иш-чараларга даярдануунун алкактарында медициналык тейлөө менен камсыз кылынат.

Мамлекет спорттук медицина жана дарылоочу дене тарбия жагындагы адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-статья. Дене тарбия жана спорт менен машыгууларды, спорттук мелдештерди жана дене тарбиясы спорттук оюн зоокторду өткөрүүдө коопсуздук эрежелерин сактоо, жарандардын саламаттыгын, ар намысын жана кадыр баркын сактоо**

Дене тарбия жана спорт уюмдарынын кызматкерлери дене тарбия жана спорттук машыгууларды, спорттук мелдештерди жана дене тарбиясы спорттук оюн зоокторду өткөрүүдө коопсуздук нормаларын жана эрежелерин сактоого, ага катышкандардын жана көрүүчүлөрдүн ден соолугуна, кадыр - баркына жана ар намысына зыян келтирилишине, ырайымсыздык жана зомбулук көрүнүштөрүнө жол бербөөгө милдеттүү.

Окуу-машыгуу жана спорттук иш-чараларга катышууга жол берүү медициналык кароонун натыйжаларына ылайык ишке ашырылат.

Медициналык жактан камсыз кылбастан, ошондой эле адамдын ден соолугуна терс таасир тийгизген аба ырайынын жагымсыз мезгилинде спорттук мелдештерди жана дене тарбия - спорттук оюн зоокторду өткөрүүгө жол берилбейт.

Дене тарбия ден соолукту чыңдоочу жана спорттук курулуштардын администрациясы коопсуздук техникасынын эрежелерине жана санитардык - гигиеналык нормаларга ылайык машыгууларды жана мелдештерди өткөрүүчү жерлерди техникалык жактан талаптагыдай жабдууну камсыз кылат жана дене тарбиясы, спорт менен машыккан адамдардын жана көрүүчүлөрдүн ден соолугуна келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей жоопкерчилик тартат.

**22-статья. Жогорку жетишкендиктердин спорту. Кесиптик спорт**

Кыргыз Республикасында адамдын ички мүмкүнчүлүктөрүн ачууну, жогорку спорттук натыйжаларга жетишүүнү, рекорддорду белгилөөнү камсыз кылуучу жогорку жетишкендиктердин спортуна жана кесиптик спортко жол ачылган.

Жогорку класстагы спортсмендерди даярдоо адистештирилген уюмдар тарабынан ишке ашырылат, алардын иштөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде дене тарбиясы менен спортту башкаруучу мамлекеттик органдар жогорку класстагы спортсмендерди даярдоо боюнча адистештирилген уюмдардын уюштуруучулары болуп саналат.

Жогорку класстагы спортсмендерди даярдоо боюнча адистештирилген уюмдар мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик болушу мүмкүн.

Аткарган ишинин негизги түрү катары жогорку жетишкендиктер спорту менен машыккан жана мелдештерге даярдык көргөндүгү жана ага катышкандыгы үчүн эмгек акы же сыйлык алган адам Кыргыз Республикасында кесипкөй спортсмен деп таанылат.

Кесипкөй спортсмендер спорттун түрлөрү боюнча расмий түрдө таанылган федерацияларда, дене тарбия - спорттук уюмдарда турушат. Кесипкөй спортсмендин иш-аракети эл аралык стандарттардын негизинде иштеп чыккан атайын нормалар менен жөнгө салынат.

Спортсмендин адистигине жана спорттун түрлөрү боюнча судьяларга квалификациялык нормативдер жана талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Белгиленген классификациялык нормативдерди жана спортсменге коюулуучу талаптарды аткарууда Бирдиктүү спорттук классификацияга ылайык тийиштүү спортгук разряд же наам ыйгарылат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**22[1]-статья. Спортто допингди пайдаланууга каршы аракеттенүү**

Спортто допингди болтурбоо жана аны менен күрөшүү Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелерине ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелерин бузуу болуп төмөнкүлөр саналат:

- спортсмен тарабынан же спорттук мелдешке катышкан жаныбарга карата допингди пайдалануу;

- спортсмендин сынам алууга келүүдөн баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелерине ылайык билдирүү алгандан кийин спортсмендин жүйөөлүү себептерсиз сынам алууга келбөөсү же спортсмендин сынам алуудан качуусу;

- мелдештен тышкаркы мезгилде андан сынам алуу үчүн спортсмендин жеткиликтүүлүгүнө тийиштүү Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелеринин талаптарынын бузулушу, анын ичинде анын турган жери тууралуу маалыматты бербөөсү жана анын тестирлөөгө катышуу үчүн келбөөсү;

- допинг-контролду кандай гана болбосун этабында бурмалоо же бурмалоо аракети;

- Допингге каршы дүйнөлүк агенттик тарабынан тыюу салынган субстанцияларды терапиялык пайдалануу үчүн Эл аралык стандартка ылайык берилүүчү терапиялык пайдаланууга уруксатсыз допингге ээ болуусу;

- допинг жөнүндө үгүт маалыматтарын жайылтуу.

Спортсмендер, ошондой эле машыктыруучулар, спорттук медицина боюнча адистер, дене тарбия жана спорт жаатындагы башка персонал тарабынан Кыргыз Республикасынын допингге каршы эрежелерин бузууга жол берилбейт. Спортсмен тарабынан допингди пайдалануу, ошондой эле спорттук мелдешке катышкан жаныбарга карата допингди пайдалануу фактысы Допингге каршы дүйнөлүк агенттик тарабынан аккредиттелген лабораторияларда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары менен ырасталат.

Допинг-контроль тесттерди жүргүзүүнү пландоону, сынамдарды алууну, аларды сактоону, ташууну, сынамдарга лабораториялык анализди, тесттен кийинки жол-жоболорду, ошондой эле тийиштүү угууларды өткөрүүнү жана апелляцияларды кароону өзүнө камтуучу процессти түшүндүрөт.

Допинг-контроль жол-жобосу мелдеш жана мелдештен тышкаркы мезгилдерде жүзөгө ашырылат. Эгерде спорттун тийиштүү түрү боюнча эл аралык спорт федерациясынын же Допингге каршы дүйнөлүк агенттиктин эрежелеринде башкача каралбаса, спортсмендин жана (же) жаныбардын конкреттүү спорттук мелдешке катышуусу менен байланышкан мезгил мелдеш мезгили деп түшүнүлөт. Мелдеш мезгилине кирбеген убакыт мелдештен тышкаркы мезгил болуп саналат.

Допингди пайдаланууга каршы аракеттенүү боюнча чаралар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- допинг-контроль жүргүзүүнү;

- допингди колдонууну алдын алууну;

- спортто допингди болтурбоого жана аны менен күрөшүүгө багытталган илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү;

- спортсмендердин иштөө жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүүчү каражаттарды жана ыкмаларды иштеп чыгуу боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү;

- спортто допингди болтурбоо жана аны менен күрөшүү жаатында эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырууну.

Спорттук мелдештердин уюштуруучулары эл аралык спорттук уюмдардын талаптары менен чечимдерин жана дене тарбия жана спорт чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен милдеттүү допинг-контроль жүргүзүү үчүн шарттарды камсыз кылууга милдеттүү.

*(КР 2020-жылдын 18-июлундагы № 82 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**23-статья. Спорттук мелдештер жана массалык дене-тарбиялык спорттук оюн-зоок**

Республикалык жана эл аралык дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу жана спорттук-массалык негизги иш-чаралардын календардык планы жыл сайын кийинки календардык жылдын башталышына чейин бекитилет. Жогоруда көрсөтүлгөн календардык планга киргизилбеген иш-чаралар мамлекет тарабынан каржыланбайт.

Кыргыз Республикасынын ири масштабдагы эл аралык спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүүгө даярдыгы жөнүндө эл аралык уюмдарга расмий билдирүүгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин макулдугу менен гана жол берилет.

Жалпы улуттук мааниси болгон ири масштабдуу спорттук иш - чараларды жана массалык дене тарбиялык спорттук оюн - зоокторду өткөрүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети түзгөн уюштуруу комитети тарабынан жүзөгө ашырылат.

Спорттук мелдештерге судьялык кылууга дене тарбиялык спорттук уюмдарда атайын даярдыктан өткөн жана дене тарбия жана спорт жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же эл аралык спорттук уюмдар тарабынан спорттун түрү боюнча судья катары аттестацияланган адамдарга жол берилет.

Кыргыз Республикасынын чемпионаттарынын, биринчиликтеринин жана спартакиадаларынын ачылыш аземдеринде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни жаңырат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 55, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**24-статья. Коомчулук арасында дене тарбия жана спорт жөнүндө маалымат таратуу**

Коомчулук арасында дене тарбия жана спорт жөнүндө маалымат таратуу, ошондой эле калктын маданий-оюн зоок жагынан суроо талаптарын канааттандыруу маалымат каражаттарында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка формаларда ишке ашырылат.

## III Глава
## Дене тарбия жана спорт менен машыгуучу адамдардын укуктары жана милдеттери, аларга мамлекет тарабынан берилүүчү социалдык кепилдиктер жана аларды коргоо

*(Главанын аталышы КР 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**25-статья. Дене тарбия жана спорт жагынан кесиптик педагогикалык ишмердик**

Дене тарбия жана спорт жагынан кесиптик педагогикалык ишмердик жүргүзүүгө дене тарбия жана спорт окуу жайы тарабынан белгиленген тартипте берилген "Дене тарбия жана спорт" адистиги боюнча кесиптик билим берүү жөнүндө белгиленген үлгүдөгү документи бар адамдарга жол берилет.

Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" же "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген спорт чебери" спорттук наамдары бар адамдар квалификациясын жогорулатуунун кыска мөөнөттүү курстарынан өткөндөн кийин дене тарбия жана спорт мекемелеринде жана уюмдарында окуу-машыгуу сабактарын жүргүзүүгө укуктуу. Эл аралык спорттук уюмдардын тийиштүү сертификаттары жана лицензиялары бар адамдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте

дене тарбия жана спорт мекемелеринде жана уюмдарында окуу-машыгуу сабактарын жүргүзүүгө укуктуу.

Дене тарбия жана спорт мекемелеринде жана уюмдарында кесиптик педагогикалык иш жана окуу-машыгуу сабактары эсептик каттоодон өткөн адам тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кесиптик педагогикалык жана окуу-машыгуу иши менен алектенген адамдарды эсептик каттоону жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

*Караңыз:*

*КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы N 596 "Дене тарбия жана спорт мекемелеринде, уюмдарында кесиптик педагогдук жана окутуу-машыктыруу ишин жүргүзгөн адамдарды эсепке алып каттоонун тартибин, дене тарбия жана спорттун ыйгарым укуктуу органында эсепке алынып каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн формасын бекитүү тууралуу" токтому*

Педагогикалык машыктыруу ишин жүргүзүү укугунан ажыратуу мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Дене тарбия жана спорт мекемелеринин машыктыруучу-окутуучуларына төмөнкүдөй кошумча акы белгиленет: 5 жылдык педагогдук иш стажы үчүн кызматтык маянанын он пайызынан кем эмес, 10 жыл үчүн - жыйырма пайызынан кем эмес, 15 жана андан да көп жыл үчүн - отуз пайызынан кем эмес өлчөмдө.

Спорттун интеллектуалдык жана башка кооптуу эмес түрлөрү боюнча окуу-машыгуу сабактарына окутуунун кыска мөөнөттүү курстарын бүткөн адамдарга жол берилет. Окутуунун кыска мөөнөттүү курстарынан өтүү тартиби жана спорттун интеллектуалдык жана башка кооптуу эмес түрлөрүнүн тизмеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

*(КР 2012-жылдын 25-июлундагы № 133, 2013-жылдын 15-январындагы № 4, 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23, 2020-жылдын 18-июлундагы № 82, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**26-статья. Дене тарбия жана спорт боюнча педагог машыктыруучулар дын укуктары жана милдеттери**

Педогог - машыктыруучулар төмөндөгүлөргө укуктуу:

а) педагогдук ишти уюштуруунун методдору менен формаларын эркин тандап алууга;

б) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кесиптик иш жүргүзүү шарттарына;

в) дене тарбия жана спорт мекемелерин жана уюмдарын башкарууга катышуута.

Педагог - машыктыруучулар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

а) окуп жаткандар дене тарбиясы боюнча мамлекеттик программаларды өздөштүрүүсүн камсыз кылуута;

б) өз алдынчалуулукту өнүктүрүүгө, окуу-машыгуу процессине чыгармачыл мамиле жасоого, окуп жаткандардын адептик жарандык позицияга жана патриотизмге, жакшы жашоо үлгүлөрүнө умтулуусуна;

в) педагогдук жана спорттук этика нормаларын сактоого;

г) өз квалификациясын тынымсыз жогорулатууга.

**27-статья. Дене тарбия жана спорт менен машыккан адамдардын укуктары жана милдеттери**

Дене тарбия жана спорт менен машыккан адамдар төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- мамлекеттик билим берүү программаларына ылайык дене тарбиясы жана спорт жагынан билим алууга жана даярдыктан өтүүгө; ушул чектерде дене тарбиясы жана спорт жагынан өркүндөп өсүүгө багытталган даярдык көрүүнүн жекече системаларын тандап алууга; контракттык (акыга) негизде кошумча билим алууга жана дене тарбия - спорт жагынан көрсөтүлгөн кызматтан пайдаланууга;

- дене тарбия жана спорт мекемелерин жана уюмдарын башкарууга катышууга;

- алардын адамдык кадыр - баркын урматтого көз караштарынын, ишенимдеринин эркиндигине жана аны эркин билдирүүгө;

- белгилүү бир спорттук команданын курамында беттешүү жөнүндө келишим түзүүгө.

Дене тарбия жана спорт менен машыккан адамдар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- мамлекеттик талаптардын деңгээлинде дене тарбиясынын жана спорттун программалык - нормативдик негиздерин өздөштүрүүгө;

- дене тарбия жана спорт мекемелери менен уюмдарынын ички тартип эрежелерин сактоого;

- мелдештердин эрежелерин жана спорттук этиканын талаптарын сактоого;

- өз учурунда медициналык кароодон өтүүгө;

- агрессиянын, ырайымсыздыктын жана зомбулуктун көрүнүштөрүнө жол бербөөгө.

**28-статья. Спорттук ишмердүүлүк жөнүндө келишим (контракт)**

Спорттук ишмердүүлүк жөнүндө келишим (контракт) Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын негизинде түзүлөт жана спортсмен (машыктыруучу, адис) менен дене тарбия - спорт уюмунун администрациясынын ортосундагы жазуу жүзүндөгү макулдашууну билдирет. Спорттук иш аракет жөнүндө келишим (контракт) спортсмендин милдеттерин, социалдык жана медициналык камсыздандырууга анын укуктарын, мындай келишим (контракт) түзүлүүнүн жана бузулуунун камтуута тийиш. Дене тарбия жана спорттук уюм спортсмендерге спорттук мелдештерге даярдык көрүү жана катышуу үчүн шарт түзүп берет, эмгек акысын өз учурунда төлөйт, спорттук иш - аракет жөнүндө келишимде (контракта) каралган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама - каршы келбеген башка милдеттенмелерди аткарат.

**29-статья. Спортсмендердин башка спорттук уюмдарга өтүшү**

Спортсмен Кыргыз Республикасынын бир спорттук клубунан (дене тарбия - спорттук уюмунан) башка спорттук клубга (дене тарбия - спортгук уюмга) же чет өлкөлүк спорттук клубга спорттук иш аракеттер жөнүндө келишимдин

(контракттын) мөөнөтү бүткөндөн кийин жана мындай келишимде (контрактта) көрсөтүлгөн милдеттенмелер аткарылгандан кийин гана өтүүгө укуктуу.

Эгерде спортсмен келишимдин (контракттын) мөөнөтү бүткөнгө чейин башка спорттук клубга (дене тарбия спорттук уюмга) өткүсү келсе, же келишимде (контрактта) каралган милдеттенмелерди аткарбаса, мындай өтүү спорттук клубдардын (дене тарбия - спортгук уюмдардын) өз ара макулдугу болгон учурда гана мүмкүн.

Жашы жагынан чектөөлөрдү, трансферттик төлөөлөрдү кошкондо, спортсмендердин өтүү эрежелери спорттун түрлөрү боюнча эл аралык федерациялардын тийиштүү документтеринин негизинде иштелип чыгат.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**30-статья. Дарылоо максатында дене тарбиясы жагынан кесиптик иш жүргүзүү**

"Дене тарбиясы жана спорт" адистиги боюнча кесиптик билими жана медициналык билими жөнүндө адамдар белгилүү үлгүдөгү документи бар дарылоо максатында дене тарбиясы жагынан кесиптик иш жүргүзө алышат.

Ушул статьянын биринчи бөлүгүн бузуп, негизги же кошумча иши катары дарылоо максатында дене тарбиясы жагынан кесиптик иш жүргүзгөн адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

**31-статья. Дене тарбия жана спорт жагынан адистерди даярдоо, квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо**

"Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спорт боюнча адистерди даярдоо боюнча билим берүүнүн бардык деңгээлдеги мамлекетгик билим берүү стандарттары белгиленет.

Адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо программалары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет жана дене тарбиясы - спорттук жогорку кесиптик окуу жайлар тарабынан ишке ашырылат.

Дене тарбия жана спорт жагынан мамлекеттик билим берүү стандарттарын толук өздөштүргөн адамдарга дене тарбиясы жана спорт жагынан жогорку окуу жайлар белгиленген тартипте белгиленген үлгүдөгү документ берет.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50, 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-статья. Кыргыз Республикасынын курама командасынын тутумуна кирген спортсменге кошумча кепилдиктер**

Кыргыз Республикасынын курама командасынын же спорттун ойнолуучу түрлөрү боюнча чеберлердин командасынын тутумуна кирген спортсмен менен беш жылдан кем эмес мөөнөткө келишим (контракт) түзгөн адам анын саламаттыгы сакталышын, аны социалдык жана медициналык жактан камсыздандырууну, спорттук ишмердиги бүткөндөн кийин эмгекке орноштурууну камсыз кылууга, спортсмендин машыгуу же мелдеш учурунда, анын ичинде майыптыкка алып келген кесиптик ооруга байланыштуу ден соолугуна келтирилген зыян үчүн, анын тарткан чыгымын келишимде (контракта) башкача каралбаса,

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте төлөп берүүгө милдеттүү.

**33-статья. Дене тарбия жана спортто тыюу салынган ыкмалар жана каражаттар**

Кыргыз Республикасында жогорку спорттук натыйжаларга калыстыгы жок таймаштын жана даярдык көрүүнүн негизинде жетишүүгө көмөк көрсөткөн ыкмалар менен каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

Эл аралык спорттук уюмдар белгилеген тыюу салынган ыкмалар менен каражаттардын тизмеси Кыргыз Республикасынын аймагында толук колдонулат.

Даярдык көрүүнүн жүрүшүндө жана мелдеш мезгилинде тыюу салынган спорттук ыкмаларды жана каражаттарды колдонгон спортсмен эл аралык спорттук уюмдардын жана спорттун түрлөрү боюнча федерациялардын эрежелерине ылайык тартиптик жаза колдонууга дуушар болот, Спортсменди дисквалификациялоого байланыштуу эл аралык спорттук уюмдар салган жаза санкцияларын төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Спорттун түрлөрү боюнча федерациялар эл аралык реестрге ылайык тыюу салынган ыкмалар менен каражаттардын тизмесин маалы менен спорттук уюмдарга жеткирип турат жана анын сакталышына тийиштүү контролду камсыз кылат.

## IV Глава
## Дене тарбиясын жана спортту каржылоо жана анын экономикалык негиздери

**34-статья. Дене тарбиясын жана спортту каржылоо**

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, жергиликтүү бюджеттер, мекемелердин, уюмдардын, ишканалардын жана бирикмелердин, анын ичинде спорттук иш - чараларды рекламалоого жана телевизордон тарттырууга укуктарды сатуудан, дене тарбия - спорттук оюн зоокторду, спорттук лотереяларды өткөрүүдөн, уюмдардын жана жарандардын кайрымдуулуктарынан түшкөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каражаттар дене тарбиясы жана спортту каржылоо булагы болуп саналат.

Дене тарбия жана спорт мекемелери менен уюмдарын каржылоо дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын каржылоонун мамлекеттик нормативдеринин негизинде ишке ашырылат.

Дене тарбия жана спортту каржылоого каражат Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде өзүнчө бөлүп көрсөтүлөт.

Бюджеттен тышкаркы булактардан түшкөн каражат дене тарбиясын жана спортту өнүктүрүүгө бюджеттик чегерүүлөрдү кыскартуу үчүн негиз болуп саналбайт.

Жогорку жетишкендиктер спорту жагынан дене тарбия жана спорт мекемелери менен уюмдары республикалык жана жерлигиктүү бюджеттерден артыкчылык менен жана кошумча каржылоо укугунан пайдаланышат.

**35-статья. Дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу спорттук-жана техникалык спорттук курулуштарды салуу**

Мамлекет дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу, спорттук жана спорттук - техникалык курулуштарды салууну, реконструкциялоону жана пайдаланууну каржылоого катышат, уюмдарды түзүүгө жана күтүүгө тартат.

Жарандардын дене тарбия көнүгүүлөрү жана спорт менен машыгуусу үчүн түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын калкынын дене тарбия көнүгүүлөрү жана спорт менен машыгуусу үчүн спорттук база менен камсыз кылуунун бирдиктүү системасына кирген объектилер менчигинин формасына карабастан дене тарбия - ден соолукту чыңдоо, спорттук жана спорттук - техникалык имараттардан болуп саналат.

Сүзүүчү бассейиндерди кошкондо дене тарбия - спорттук базасыз бардык типтеги мамлекеттик билим берүү мекемелерин жана мектепке чейинки мекемелерди (кошумча билим берүү мекелеринен тышкары) жаңыдан курууга жана мурункуларын реконструкциялоого, ошондой эле ага тете жайларды салбай туруп дене тарбия - ден соолукту чыңдоочу жана спорттук жайларды жок кылууга жол берилбейт.

**35-1-статья. Дене тарбия жана спорт объекттеринин реестрлери**

*(КР 2018-жылдын 16-февралындагы № 23 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**36-статья. Дене тарбия жана спорт объектилерин менчиктөө**

Дене тарбия жана спорт объектилерин менчиктөө, алардын максаттуу багыты сакталган шартта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

Мамлекеттин менчигинде турган жалпы улуттук маанидеги дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу, спорттук жана спорттук-техникалык курулуштар менчиктештирилүүгө жатпайт.

*(3-бөлүгү КР 2018-жылдын 16-февралындагы № 23 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2012-жылдын 25-июлундагы № 134, 2018-жылдын 16-февралындагы № 23 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## V Глава
## Корутунду жоболор

**37-статья. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын дене тарбия жана спорт жагынан укуктары**

Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар дене тарбия жана спорт менен ушул Мыйзамда каралгандай толук көлөмдө машыгууга Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктан пайдаланат.

**38-статья. Дене тарбия жана спорт жагынан эл аралык уюмдарга катышуу**

Кыргыз Республикасынын аймагында дене тарбиясы жана спорт жагынан эл аралык фонддордун жана уюмдардын филиалдары жана башка структуралары түзүлүшү мүмкүн. Юридикалык же жеке жактар өздөрүнүн уставдарында аныкталган тартипке ылайык эл аралык дене тарбия жана спорт уюмдарына кирүүгө укуктуу. Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спорт уюмдары (бирикмелери) өз катарына чет өлкөлүк жарандарды тартууга, ошондой эле эл

аралык уюмдардан, чет мамлекеттерден жана жеке адамдардан түшкөн максаттуу каражаттарды өз алдынча пайдаланууга укуктуу.

**39-статья. Дене тарбия-спорт уюмдарынын тышкы экономикалык иштерин колдоо**

Мамлекет тышкы экономикалык иш-аракеттери жагынан программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууда дене тарбия-спорттук уюмдарды колдойт, эл аралык мелдештерге жана спорттук-оюн зоокторго, окуу-машыгуу жыйындарына алардын катышуусуна көмөк көрсөтөт.

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**40-статья. Ушул Мыйзамдын бузулушу үчүн жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын кызмат адамдары жана жарандары ушул Мыйзамдын бузулушу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**41-статья. Эл аралык келишимдер**

*(КР 2016-жылдын 23-апрелиндеги № 50 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**42-статья. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү**

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

*(КР 2023-жылдын 14-апрелиндеги № 90 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*"Эркин Тоо" газетасынын 2000-жылдын 2-февралында № 11-12 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Акаев**